# ГЕРВЕТИН

## ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

**Соодадагы аталышы**
Герветин

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Бензидамин

**Дарынын түрү**
Жергиликтүү колдонуу үчүн спрей

**Курамы**
1 мл спрей төмөнкүлөрдү камтыйт:
*Активдүү зат:*
Бензидамин гидрохлориди 1,5 мг;
*Көмөкчү заттар:* метилпарагидроксибензоат, глицерин, натрий сахарин, натрий гидрокарбонат, полисорбат 60, жалбыз жыт бергичи 27198/14, сары хинолин 70 Е 104, индиготин 85 Е 132, этанол 96%, тазартылган суу.

**Сүрөттөмөсү**
Саргыч-жашыл, анча илээшкек эмес, жалбыз даамы бар жана бир аз жалтыраган эритме.

**Фармадарылык тобу:** Стоматологиялык препараттар. Ооз көңдөйүнүн ооруларын дарылоо үчүн башка препараттар. Бензидамин.
**АТХ коду:** A01AD02.

**Фармакологиялык касиети**
***Фармакодинамикасы***
Бензидамин гидрохлориди – карбоксил тобусуз индазолдон алынган стероиддик эмес сезгенүүгө каршы каражат. Кардоксил тобунун жоктугу төмөнкү өзгөчөлүктөрдү берет: бензидамин күчсүз негиз болуп эсептелинет (анда ССКК көпчүлүгү күчсүз кислота), жогорку липофилдүүлүккө ээ, градиент боюнча pH сезгенген жердин орду (pH төмөн болгон жерде) жакшы кирет жана дарылык концентрацияда топтолот. Сезгенүүгө каршы жана жергиликтүү ооруксуздандыруучу таасир көрсөтүп, микробдорду жугушсуздандыруучу (микроорганизмдердин кеңири спектрына каршы), ошондой эле мите козу карындарга каршы таасирге ээ.
Препараттын сезгенүүгө каршы таасири капиллярлардын өткөргүчтүгү, простагландиндердин, гистаминдин, брадикининдин, цитокиндердин биригүүсүн жана инактивдешүүсүн токтотуунун натыйжасында клеткалык мембраналардын туруктуулугунан, комплементтер факторунан жана башка мүнөздүү эмес эндогендик "жабыркатуучу" факторлордон келип чыккан. Бензидамин цитокиндердин сезгенүүсүн өндүрүүнү басаңдатат, өзгөчө некроз, а-шишимиги (ФНО- а), азыраак деңгээлде интерлейкин-1 р (IL-lp). Бензидаминдин негизги өзгөчөлүгү болуп, простагландиндердин биригүүсүндөгү алсыз басаңдаткыч болуу менен ал сезгенген цитокиндерди күчтүү басаңдатууну көрсөтөт. Ушул себептүү бензидамин цитокин-басмырлоочу сезгенүүгө каршы дары катары классификацияланышы мүмкүн.
Бензидаминдин жергиликтүү ооруксуздандыруучу таасири жергиликтүү анестетик катары анын молекулаларынын түзүлүштүк өзгөчөлүктөрү менен байланыштуу. Ооруну басуучу таасири биогендик аминдердин концентрациясынын кыйыр төмөндөөсү менен шартталган, альгогендик касиетке ээ болгон жана нерв системасынын дүүлүгүүсүнүн деңгээлинен адамдын ооруну сезүүсү; ошондой эле бензидамин брадикининдин ткандык рецепторлору менен өз ара байланышын тосот, микроциркуляцияны калыбына келтирет жана сезгенүү ордунда ооруну сезүүнү төмөндөтөт. Бензидамин микроорганизмдердин мембранасынын тез кирүүсүнүн, кийин клеткалык түзүлүштөрдү бузуусунун, метаболикалык процесстерди бузуу жана клеткалардын лизасомасын жабыркатуусунун эсебинен бактерияларга каршы таасир көрсөтөт. Candida albicans 20 штаммдарында жана non-albicans штаммдарында мите козу карындарга каршы таасир берип, мите козу карындардын клеткаларынын капталдарын жана алардын метаболикалык чынжырларынын түзүлүштүк модификациялоосуна алып келет, ошентип алардын репродукциясына тоскоол болот.
***Фармакокинетикасы***
Жергиликтүү колдонууда былжыр чел аркылуу жакшы сиңирилет жана сезгенген ткандарга тез кирет, кан плазмасында системалуу таасирди алуу үчүн жетишсиз өлчөмдө байкалат. Негизинен бөйрөк жана ичеги аркылуу метаболит түрүндө же конъюгациянын продукттары түрүндө бөлүнүп чыгат.

**Колдонууга көрсөтмө**
Ооз көңдөйүнүн жана ЛОР-органдарынын сезгенген оорулары:
- гингивит, глоссит, стоматит (анын ичинде нур жана химиялык дарылануудан кийин);
- ангина, фарингит, ларингит, тонзиллит;
- кандидоз (айкалышкан дарылоонун курамында);
- калькулездук шилекей бездеринин сезгенүүсү;
- операциялык кийлигишүүлөрдөн жана мертинүүлөрдөн кийин (анын ичинде тонзилэктомия, жаак сыныктары);
- тиштерди дарылоо жана жуулуудан кийин;
- пародонтоз

**Колдонуу жолу жана дозалары**
Чоңдорго жана улгайган курактагы оорулууларга 4-8 дозадан ар бир 1,5-3 саатта;
6-12 жаш курагындагы балдарга:
4 дозадан ар бир 1,5-3 саатта;
3-6 жаш курагындагы балдарга:
1 - 4 дозадан (эң жогоркусу - 4 доза) ар бир 1,5-3 саатта дайындалат.

1. Флаконду тик абалда коюп, капкактын учун флаконго карата 90° бурчу менен солго же оңго буруңуз.
2. Капкактын учундагы чачкычын ооз көңдөйүнө киргизип, сунушталган дозага ылайык бир нече жолу капкакты басыңыз (сүрөттө жебече менен белгиленген). Капкакты эки жолу басуунун ортосундагы мезгили 5 секунддан кем болбошу керек.
3. Чачкычты алгачкы абалына алып келиңиз.
Көңүл бургула: биринчи жолу колдонуп жатканда бир нече жолу чачыраткычты абага карай баскыла.




Дарыгердин бардык көрсөтмөлөрүн аткарыңыз, дарыгердин кеңешисиз дарыланууну токтотууга же дозаны алмаштырууга болбойт. Эгерде сиз препаратты кабыл алууну өткөрүп жиберсеңиз, мүмкүн болушунча тез арада кабыл алыңыз.
Эгерде кийинки кабыл алуу убактысы келип калган болсо, анда өткөрүп жиберген дозаны кабыл албаңыз, жөн гана адаттагы схема менен кабыл алууну улантыңыз.
Эки дозаны чогуу кабыл алууга болбойт!

**Каршы көрсөтмө**
- препараттын кайсы бир компонентине жогорку сезгичтик;
- 3 жашка чейинки курак.

**Кыйыр таасири**
Бүткүл дүйнөлүк ден соолукту коргоо уюмунун (БДУ) сунуштамасына ылайык кыйыр таасирлердин өрчүү жыштыгы төмөнкүдөй классификацияланган:
абдан тез-тез > 1/10;
тез-тез > 1/100дөн <1/10 чейин;
көп эмес> 1/1000ден <1/100 чейин;
сейрек > 1/10000ден <1/1000 чейин;
абдан сейрек<1/10000 чейин, башка маалыматтарды кошкондо;
жыштыгы белгисиз - болгон маалыматтардын негизинде пайда болуу жыштыгын аныктоого мүмкүн эмес.
Аллергиялык реакциялар: көп эмес - фотосенсибилизация; сейрек - өтө сезгичтик реакциялары, тери бөртмөсү, теринин кычышуусу; абдан сейрек – ангионевротикалык шишимик, тамактын коконун карышуусу; жыштыгы белгисиз-анафилактикалык реакциялар. Жергиликтүү реакциялар:
сейрек – ооздун кургашы, ооз көңдөйүнүн ачышуусу; жыштыгы белгисиз – ооз көңдөйүнүн уюп калуу сезими.
Башкалар: жыштыгы белгисиз – тамактын коконун карышуусу.

**Ашыкча доза**
Препаратты дозасынан ашыруу учурлары маалымдалган эмес.
Препаратты колдонуу боюнча нускамасына ылайык колдонууда дозасынан ашыруу күмөн.
*Симптомдору*
Препаратты кокустуктан жутуп алууда төмөнкү симптомдор болушу мүмкүн: окшуу, ичтин карышуусу, тынчсыздануу, коркуу, галлюцинациялар, карышуулар, атаксия, калтыратма, тахикардия, дем алуунун кыйындоосу.
*Дарылоо*
Оору белгилерине жараша дарылоо. Окшууну пайда кылуу менен ашказанды тазалоо же ашказан зонду менен (дарыгердин көзөмөмөлү менен) ашказанды жууп-тазалоо, медициналык байкоону, колдоочу дарылоону жана керектүү гидратацияны камсыздоо. Антидоту белгисиз.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**
Бензидаминдин башка дары каражаттары менен өз ара таасирине изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес.

**Өзгөчө көрсөтмө**
Препаратты кабыл алууда өтө сезгичтик реакциялары өрчүшү мүмкүн. Бул учурда дарылоону токтотуп, тиешелүү дарылоону дайындоо үчүн дарыгер менен кеңешүү керек.
Чектелген сандагы бейтаптарда тамакта жана ооз көңдөйүндө жаранын болушу олуттуу патологиянын бар болуусун көрсөтүшү мүмкүн. Эгерде симптомдор 3 күн ичинде кетпесе дарыгер менен кеңешүү зарыл.
Ацетилсалицил кислотасына жана башка стероиддик эмес сезгенүүгө каршы препараттарга жогорку сезгичтиги бар бейтаптарга препаратты кабыл алуу сунушталбайт.
Оору таржымалында колко астмасы бар бейтаптар препаратты кабыл алуу фонунда аларда колко карышуусу өрчүү мүмкүндүгүнө байланыштуу, препарат этияттык менен кабыл алынуусу керек.
Препаратты көзгө түшүрүүдөн алыс болуу керек. Препарат көзгө түшүп кетсе, көп өлчөмдөгү суу менен жуугула.
Спорт менен машыккан бейтаптар: этанолду камтыган препараттарды колдонгондо, кээ бир спорттук федерациялар тарабынан кабыл алынган нормаларга ылайык допингге каршы текшерүүдө жол берилген кандагы этанолдун курамы оң жыйынтык бериши мүмкүн.

**Унаа каражаттарын жана механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасири**
Транспорттук каражаттарды башкарган айдоочулар препараттын курамында этанол (препараттын бир жолку дозасында (15 мл) 1,2 г 95% камтылат) бар экенин билиши керек.

**Кош бойлуулукта жана бала эмизүү мезгилинде колдонуу**
Кош бойлуулукта жана бала эмизүү мезгилинде препаратты кабыл алуу сунушталбайт.

**Чыгаруу формасы**
Жергиликтүү колдонуу үчүн чачыратма 1,5 мг/мл.
Дозалоочу түзүлүшү менен ак пластик тунук эмес контейнерде 30 мл.
Ар бир контейнер колдонуу боюнча нускамасы менен картон кутуга салынат.

**Сактоо шарты**
Кургак, жарык тийбеген жерде, 25ºС дан жогору эмес аба табында сакталат.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Жарактуулук мөөнөтү**
4 жыл.
Препаратты жарактуулук мөөнөтү бүткөндөн кийин колдонууга болбойт.

**Дарыканадан берүү шарты**
Рецепти жок.

**Өндүрүүчү:**
REPLEK FARM Ltd. Skopje
Kozle st. 188, 1000 Skopje,
Republic of Macedonia (Македония Республикасы)

**Үчүн өндүрүлдү:**
SPEY MEDICAL LTD
Lynton House, 7-12 Tavistock
Square, London, WC1H 9LT, UK (Улуу Британия)

**Кыргыз Республикасынын аймагында керектөөчүлөрдөн продукттун сапаты боюнча арыз-доолорду кабыл алуучу уюмдун дареги:**
«Аман Фарм» ЖЧК Бишкек ш.,
Кыргыз Республикасы, Тыныстанов көч.4а үй, 11-батир,
E-mail: aman.pharm12@gmail.com

SPEY